# КЫРГЫЗ-ТҮРК “МАНАС” УНИВЕРСИТЕТИНИН СТУДЕНТТИК ҮЙЛӨР ЖӨНҮНДӨ ЖОБОСУ

## БИРИНЧИ БӨЛҮМ
## Максаты, мазмуну жана аныктамалар

**Максаты**

**1-берене.** Бул жобонун максаты - Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин студенттерине студенттик үйлөрдө жашоолору үчүн ыңгайлуу шарттарды түзүү, алардын социалдык жана маданий жактан өнүгүүсүнө көмөк көрсөтүү жана өз ара мамилелерин өркүндөтүүгө зарыл болгон жол-жоболорду жана негиздерди аныктоо.

**Мазмуну**

**2-берене.** Бул жобо Кыргыз-Түрк “Манас” университетине караштуу студенттик үйлөрдү башкаруу жана иштөө тартибин, кызматкерлердин кызматтык жана укуктук жоопкерчиликтерин, орто кесиптик билим берүү, магистратура жана докторантура боюнча билим алышкан студенттердин студенттик үйлөрдө жашоо эрежелерин камтыйт.

**Укуктук негиздеме**

**3-берене.** Бул жобо Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин Уставынын тийиштүү беренелерине ылайык даярдалган.

**Аныктамалар жана кыскартуулар**

**4-берене.** Бул жободо төмөнкүдөй түшүнүктөр колдонулат:

a) **Университет** : Кыргыз-Түрк “Манас” университети (КТМУ);
b) **Ректор** : Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин Ректору;
c) **Ректорат** : Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин ректораты;
d) **Башкаруу кеңеши** : КТМУнун студенттик үйлөрдү башкаруу кеңеши;
e) **Башкармалык** : КТМУнун Ден соолук, маданият жана спорт иштери боюнча башкармалыгынын жетекчиси;
f) **Студенттик үйлөр** : Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин студенттеринин студенттик үйлөрү;
g) **Мүдүр** : Студенттик үйлөрдүн мүдүрү.

## ЭКИНЧИ БӨЛҮМ
## Башкаруу

**Түзүмү**

**5-берене.** КТМУнун Ден соолук, маданият жана спорт иштери боюнча башкармалыгына караштуу студенттик үйлөрдү башкаруу түзүмдөрү төмөнкүлөр:

- Студенттик үйлөрдү башкаруу кеңеши.
- Мүдүр жана мүдүрдүн орун басарлары.

**Студенттик үйлөрдү башкаруу кеңеши**

**6-берене.** Студенттик үйлөрдү башкаруу кеңеши ректорат тарабынан дайындалган профессор-окутуучунун жетекчилигинде эң көп эки окутуучудан, бөлүм башчыдан, мүдүр жана студенттик кеңеш аныктаган бир өкүлдөн турат. Студенттик кеңештин өкүлү студенттерге гана тийиштүү күн тартибиндеги маселелер боюнча чогулуштарга катыша алат, добуш берүү укугуна ээ болбойт. Башкаруу кеңешинин жетекчиси жана башка окутуучулар эки жылдык мөөнөт менен иштешет. Кызмат мөөнөтү бүткөн окутуучу ушундай эле жол-жобо

менен кайрадан дайындалышы мүмкүн.

**Студенттик үйлөрдү башкаруу кеңешинин милдеттери:**

a) Студенттик үйлөрдү башкаруунун жалпы принцип жана эрежелерин аныктоо;
b) Башкармалыктын сунуш-пикирлерин талдоо жана чечим чыгаруу;
c) Студенттик үйлөрдү башкаруу ишин көзөмөлдөө жана текшерүү;
d) Студенттик үйлөрдүн Тартип боюнча комиссиясы катары иш алып баруу;
e) Студенттик үйлөрдү ачуу жана жабуу күнүн белгилөө;
f) Семестр аягындагы каникулда студенттик үйлөрдү ким кандай шарттардын негизинде колдоно ала тургандыгы боюнча чечим чыгаруу;
g) Баалоо критерийлерин аныктоо.

**Студенттик үйлөрдүн мүдүрүнүн милдеттери жана укуктары**
**7-берене.**

a) Студенттик үйлөрдү бул жобого жана университеттин башка жалпы ченемдик укуктук актыларына ылайык башкаруу;
b) Студенттик үйлөрдө жашоо үчүн арыз менен кайрылган студенттерди кабыл алуу, баалоо жана башкаруу кеңешине сунуштоо иштерин башкаруу кеңеши тарабынан белгиленген принцип жана эрежелерге ылайык жүргүзүү;
c) Мүдүрдүн орун басарларынын ыйгарым укуктарын, милдеттерин жана жоопкерчиликтерин аныктоо жана аларга иштерди бөлүштүрүү;
d) Студенттик үйлөрдө иштеген башка кызматкерлерге милдеттердин бөлүштүрүлүшүн жана алардын ишмердүүлүгүн көзөмөлдөө;
e) Студенттик үйлөрдүн эрежелерин аныктоо жана башкаруу кеңешинин макулдугу менен бул эрежелерди студенттерге кулактандыруу;
f) Буюм-тайымдардын жакшы колдонулушун, аяр сакталуусун камсыз кылуу жана ага байланыштуу алдын ала чараларды көрүү; оңдоп-түзөө, буюм-тайым ж.б. муктаждыктарды аныктоо;
g) Университетке тийиштүү бөлүмдөр менен биргелешип иштөө аркылуу студенттердин социалдык-маданий өнүгүүсүнө өбөлгө түзүүчү иш-чараларды уюштуруу;
h) Башкаруу кеңеши тарабынан түзүлгөн принциптердин негизинде студенттик үйлөрдүн акысынын чогултулушун камсыз кылуу;
i) Студенттик үйлөрдүн ишмердүүлүгү менен байланышкан маселелерди башкаруу кеңешине билдирүү.

**Кайрылуу арызы, каттоо жана кабыл алуу**

**8-берене.** Студенттик үйлөрдө жашоону каалаган студенттер белгиленген мөөнөттө студенттик үйлөрдүн мүдүрлүгүнө кайрылышы зарыл. Студенттин кайрылуу арызы студенттик үйлөрдүн башкаруу кеңеши тарабынан каралып, ректорат тарабынан аныкталган балл системасына жараша бааланат. Студенттердин алгачкы каттоосу тизмеде эң жогорку балл алган студенттерден башталып, окуу жылынын башында башкаруу кеңеши тарабынан белгиленген күндөрдө жүргүзүлөт. Белгиленген мөөнөттө катталбаган же студенттик үйлөрдө жашоо муктаждыгы башкаруу кеңеши тарабынан кабыл алынбагандар студенттик үйдө жашоо укугунан баш тартты деп саналат. Студенттерди студенттик үйлөргө кабыл алууда чет өлкөдөн келгендерге артыкчылык берилет. Студентке балл берүүдө окуудагы жетишкендиктери, таланты жана туруктуу жашаган жеринин Бишкектен алыстыгы эске алынат. Студенттик үйдөн өз эрки менен баш тарткан студенттер кийинки окуу жылына чейин кайрылуу арызын бере алышпайт.

Мындан сырткары белгиленген убакыт ичинде ар кандай себептер менен арызын бере албай калышкан студенттерди, курстан-курска өтүүдөгү орточо баллы же башка социалдык жана жеке өзгөчөлүктөрүнөн улам баллы көбөйгөн студенттерди, ошондой эле иш убактысынан сырткары университеттин бөлүмдөрүндө, искусство жана маданий топтордо иштеген студенттерди, спорттук команданын курамындагы студенттерди студенттик үйлөргө кабыл алуу жана жайгаштыруу чечимин башкаруу кеңеши чыгарат.

**Студенттик үйлөрдө жашоо тартиби**

**9-берене.** Студенттик үйлөргө кирүү жана чыгуу сааттары студенттик үйлөрдүн мүдүрү тарабынан аныкталат жана ал студенттерге кулактандырылат. Студенттер жуманын аягында жана расмий эс алуу күндөрүндө мүдүрдөн жазуу түрүндө уруксат ала алышат.

**Студенттик үйлөрдө жашоо мөөнөтү**

**10-берене.** Студенттик үйгө катталуу бир окуу жылы менен чектелет. Мурунку жылы студенттик үйдө жашагандык кийинки жылы да анда жашоо укугун бербейт. Студент студенттик үйдө окуу программасынын мөөнөтү ичинде жана анда бош орун болсо гана окуу мөөнөтүнө кошумча дагы бир окуу жылы ичинде жашай алат. Даярдоо курсунда экинчи жылы окуп жаткан студент мурунку жылы студенттик үйдө жашаган болсо, кайрадан студенттик үйдө жашоо үчүн арыз менен кайрылган учурда балл берүү системасына ылайык кабыл алынат.

**Студенттик үйлөрдөн чыгаруу**

**11-берене.** Студенттер төмөнкүдөй учурларда студенттик үйлөрдөн чыгарылат:

a) Университеттен бир же эки семестр уруксат алган (академиялык өргүү алган) студенттер студенттик үйлөрдөн чыгарылат жана бул мөөнөт ичинде студенттик үйлөрдө жашай алышпайт.
b) Университеттен убактылуу четтетүү жазасын алган студенттер жаза мөөнөтү бүткөнгө чейин студенттик үйлөрдө жашай алышпайт.
c) Кандайдыр бир себептен улам университеттен чыгарылган студенттер студенттик үйлөрдөн да чыгарылат.
d) Окуу жылы ичинде 7 күн катары менен же жалпысынан 20 күн уруксаты жок сабакка катышпаган студенттер студенттик үйлөрдүн мүдүрлүгү тарабынан студенттик үйлөрдөн чыгарылат.
e) Студенттик үйлөргө жайгашып жатканда берген маалыматтары чындыкка туура келбегендиги белгилүү болсо, студент студенттик үйдөн чыгарылат.
f) Студенттик үйлөрдө жашап жаткан учурда анын акысын төлөбөгөн студенттер студенттик үйлөрдөн чыгарылат.
g) Магистрант жана докторанттар окуу мөөнөтүндө студенттик үйлөрдө жашай алышат, ошондой эле башкаруу кеңеши институттун мүдүрүнүн пикирин эске алуу менен жаңы окуу жылынын башталышында студенттердин студенттик үйлөрдө жашоо боюнча кайрылууларын кайрадан карап чыгат.

## ҮЧҮНЧҮ БӨЛҮМ
## Тартип

**Тартип жазалары**

**12-берене.** Студенттик үйлөрдө жашаган студенттер студенттик үйлөрдүн ичинде жана башка жерлерде студенттик жүрүм-турум эрежелерин сактоого милдеттүү. Жүрүм-турум эрежелерин бузган студенттерге төмөнкүдөй тартип жазалары колдонулат:

**Эскертүү жазасы**

**13-берене.** Студентке студенттик үйлөрдөгү жүрүм-туруму боюнча жазуу түрүндө берилген эскертүү. Эскертүү жазасы төмөнкүдөй тартип бузууларда берилет:

a) Студенттик үйлөрдүн коомдук жайларында башкалардын тынчын алып катуу добуш чыгарса;
b) Өзүнүн бөлмөсүндө жана башка жайларда чогуу жашоо тартибин бузса;
c) Студенттик үйлөрдө жашап жатканына карабай, кол коюу баракчасына кол койбосо;
d) Студенттик үйлөрдүн мүдүрүнөн уруксат албай туруп студенттик үйлөрдө түнөбөсө;
e) Студенттик үйлөрдүн ичинде, бөлмөлөрүндө жана тыюу салынган жайларда тамеки чексе;
f) Студенттик үйлөрдүн жашоо эрежелерин сактабаса;
g) Студенттик үйлөрдүн мүдүрлүгү тарабынан жүргүзүлгөн дисциплинардык териштирүүгө тоскоолдук кылса;
h) Студенттик үйлөрдүн мүдүрлүгүнүн же университеттин башка жооптуу кызматкерлеринин чакырууларын четке какса, чакыруу кагаздарын алуудан баш тартуу менен убагында жооп бербесе, талап кылынган түшүнүк катты жүйөөлүү себепсиз убагында бербесе;
i) Студенттик үйлөрдүн кызматкерлеринин ишине тоскоолдук жаратса.

**Уяткаруу жазасы**

**14-берене.** Студенттик үйлөрдө тартип бузуулары үчүн студентке жазуу түрүндө берилген эскертүү. Уяткаруу жазасы төмөнкүдөй тартип бузууларда берилет:
a) Студенттик үйлөрдүн буюмдарына жана имараттарына, объекттерине зыян келтирсе;
b) Студенттик кол коюу баракчасына башка бир студенттин ордуна кол койсо же кол койдурса;
c) Студенттик кол коюу баракчасына кол койгондон кийин студенттик үйлөрдөн уруксатсыз кетип калса;
d) Студенттик үйлөрдө жашабаган башка бирөөлөрдү уруксатсыз студенттик үйгө киргизсе же анын мүмкүнчүлүктөрүнөн пайдаландырса;
e) Студенттик үйгө алкоголдук ичимдик ичип келсе жана тартип бузса;
f) Студенттик үйгө кирүү жана чыгуу сааттарын такай сактабаса.

**Студенттик үйлөрдөн убактылуу чыгаруу жазасы**

**15-берене.** Студенттик үйдөн 7-30 күнгө чейин убактылуу чыгарылганы тууралуу өзүнө жана үй-бүлөсүнө (жакындарына) жазуу түрүндө берилген эскертүү. Бул жазаны алган студенттерге карата "Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин студенттеринин тартиби боюнча нускамасына" ылайык чечим чыгарылышы үчүн ректоратка жазуу түрүндө маалымат берилет. Студенттик үйлөрдөн убактылуу чыгаруу жазасы төмөнкүдөй учурларда колдонулат:
a) Студенттик үйлөрдөгү курбу-курдаштарын же Студенттик үй кызматкерлерин кордосо, тилдесе же кемсинтсе;
b) Студенттик үйлөрдүн ичинде жана короосунда кумар ойносо же ойнотсо;
c) Студенттик үйлөргө алкоголдук ичимдик алып келсе жана студенттик үйлөрдө алкоголдук ичимдик ичсе;
d) Университеттин тийиштүү бөлүмдөрү тарабынан тастыкталбаган кулактандырууларды жана афишаларды илсе, студенттик үйлөрдүн мүдүрлүгү тарабынан илинген же илүүгө уруксат берилген кулактандырууларды алып салса, тытса, алмаштырса, алардын бетине жазса же сүрөт тартса;
e) Студенттик үйлөрдүн мүдүрлүгү тарабынан жүргүзүлгөн дисциплинардык териштирүүгө тоскоолдук кылса;
f) Бир окуу жылында 10 жаза баллы берилсе.

**Студенттик үйлөрдөн биротоло чыгаруу жазасы**

**16-берене.** Студенттик үйлөрдөн биротоло чыгарылганы тууралуу маалымат өзүнө жана үй-бүлөсүнө (жакындарына) жазуу түрүндө берилген эскертүү. Бул жазаны алган студент университетти аяктаганча, студенттик үйлөрдө жашоо укугунан ажырайт. Бул жазаны алган студенттерге карата "Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин студенттеринин тартиби боюнча нускамасына" ылайык чара колдонуу үчүн ректоратка жазуу түрүндө маалымат берилет. Студентти студенттик үйлөрдөн биротоло чыгара турган себептер:

a) Студенттик үйлөрдө уурулук кылса;
b) Өзүнүн ордуна студенттик үйлөрдө катталбаган башка бирөөнү киргизип койсо;
c) Мүдүрлүк тарабынан өзүнө берилген студенттик билетти жасалма жасап, башка бирөөгө студенттик үйлөрдүн мүмкүнчүлүктөрүнөн пайдалануу үчүн берсе;
d) Университеттин студенттерин же кызматкерин коркутса, кол салса;
e) Студенттик үйлөрдө курал-жарак алып жүрсө;
f) Студенттик үйлөрдө мыйзамдан сырткары чогулуштарды уюштурса же мындай жыйындарга катышса, ошондой эле мыйзам менен тыюу салынган уюмдардын иш-чараларына катышса;
g) Студенттик үйлөрдөн убактылуу чыгарылганына карабай, бул тартипке баш ийбесе;
h) Баңгизат колдонсо, аларды алып жүрсө же сатса;
i) Бир окуу жылынын ичинде 15 жаза баллын алса.

**Жободо каралбаган жазалар**

**17-берене.** Жогоруда белгиленбей калган жана жаза берилүүгө тийиш болгон тартип бузуулар учурунда жогорудагы беренелердин кайсынысына туура келсе, ошого ылайык жаза берилет.

**Тартип жазасын берүүдө эске алына турган жагдайлар**

**18-берене.**

a) Тартип жазаларын берүүдө жана аныктоодо тартип бузуудагы иш-аракеттердин оордугу, студенттин тартип бузуудагы максаты, мурун жазага тартылып-тартылбаганы, жүрүм-туруму жана тартип бузганы үчүн өкүнүп-өкүнбөгөнү эске алынат. Бир топ студенттер тарабынан тартип бузуулар чогуу жасалып, тартип бузууларды өз-өзүнчө аныктоого мүмкүн эмес болгон учурларда, студенттердин ар бирине карата тийиштүү кеңештер тарабынан ылайыктуу деп табылган жазалар берилет;
b) Тартип жазасынын берилишине себеп болгон окуя дагы бир ирет кайталанса, бир даражага катуу жаза берилет. Ал эми жаза бериле турган окуя үчүнчү жолу кайталана турган болсо, дагы бир даражага катуу жаза берилет;
c) Студенттер бул жобого ылайык тартип бузууларды жасай турган болсо, анда алардын жакшы окуганы, жүрүм-туруму ж.б. жактары эске алынып, бир даражага жеңил жаза берилет;
d) Студенттер бул жободо көрсөтүлгөн тартип бузуулардын бирин жасаган болсо, студенттик үйлөрдүн мүдүрлүгү тарабынан 7 күн ичинде алдын ала териштирүү жүргүзүлөт. Акыркы чечимди чыгаруу үчүн студенттин түшүнүк каты менен бирге териштирүү документтери тийиштүү башкаруу кеңешине жиберилет. Башкаруу кеңеши документтерди алган күндөн баштап 7 күн ичинде бул иш боюнча чечим чыгарат.

**Тартип жазасын берүүгө укуктуу орган**
**19-берене.**
a) Эскертүү, жаза берүү жана студенттик үйлөрдөн убактылуу чыгаруу жазалары студенттик үйлөрдүн мүдүрлүгү тарабынан жүргүзүлөт;
b) Студенттик үйлөрдөн биротоло чыгаруу жазасы башкаруу кеңеши тарабынан берилет.

**Жазаларды билдирүү**
**20-берене.**
a) Студентке студенттик үйлөрдөн убактылуу жана биротоло чыгарылганы тууралуу жазалар студенттин өзүнө жана үй-бүлөсүнө жазуу түрүндө билдирилет. Студентке берилген бул жаза тууралуу маалымат акедемиялык түзүмгө жазуу түрүндө маалымдалат.
b) Студенттик үйлөрдөн чыгарылган студенттер студенттик үйлөрдүн мүдүрлүгүнө студенттик үйдүн күбөлүгүн тапшырышы керек.
c) Ректорат тарабынан кандайдыр бир себептерден улам студенттин студенттик үйлөрдө калышы кооптуу деп табылса, студенттер жана тийиштүү органдардан ал тууралуу ушундай маалымат келип түшсө, студенттик үйлөрдөн чыгарылат же кабыл алууга тыюу салынат.

**Берилген жазага каршы чыгуу жана мөөнөтү**
**21-берене.** Студенттик үйлөрдүн мүдүрлүгүнүн берген эскертүүсүнө жана жазасына каршы чыгууга болбойт. Студенттик үйлөрдөн убактылуу жана биротоло чыгарылган студент 3 күндүн ичинде башкаруу кеңешине арызданса болот. Башкаруу кеңеши студенттин арызын карап чыгып, жаза туура же туура эмес берилген деп табууга укуктуу.

**Жазанын аткарылышы**
**22-берене.** Эскертүү жана жаза берилген күндөн тартып күчүнө кирет. Студент студенттик үйдөн убактылуу чыгаруу жазасынын берилишине каршы чыкса, ага карата тийиштүү чечим чыгарылгандан кийин, ал эми жаза туура берилгенине макул болсо, даттанууга берилген мөөнөт аяктагандан кийин жаза жүзөгө ашырылат.

## ТӨРТҮНЧҮ БӨЛҮМ
## Финансылык жоболор

**Студенттик үйлөрдө жашагандык үчүн алынган төлөмдөр**
**23-берене.**
a) Студенттерден студенттик үйлөрдө жашаганы жана башка тейлөө кызматтары үчүн төлөм акы алынат.
b) Студенттик үйлөрдүн төлөм акысынын өлчөмү ар бир окуу жылынын башында студенттик үйлөрдүн башкаруу кеңешинин сунушу жана университеттин Башкаруу кеңешинин чечими менен аныкталат.
c) Студенттик үйлөрдүн төлөмдөрү кандай шартта, канча мезгилге төлөнөрү студенттик үйлөрдүн башкаруу кеңеши тарабынан аныкталат.
d) Жашоо акысын убагында төлөбөгөндөр студенттик үйлөрдөн чыгарылгандан кийин кайрадан студенттик үйлөрдүн башкаруу кеңешинин чечими менен кабыл алынат.
e) Өзгөчө кырдаалдарда (ден соолугуна байланыштуу, студенттин үй-бүлөсү өрт, сел, жер титирөө ж.б. өзгөчө кырдаалдарга туш болгондо) жашоо акысын төлөө мөөнөтү студенттик үйлөрдүн мүдүрлүгүнүн уруксаты менен узартылышы мүмкүн.
f) Жүйөлүү себептер менен студенттик үйлөрдөн чыгарылган студент эгерде студенттик үйдө жашоо акысын алдын ала төлөп койгон болсо, жашаган күндөрү эсептелип, калган

акчасы кайтарылып берилет.

g) Студенттерден студенттик үйлөргө катталуу учурунда өзүнө бекитилип берилген буюм-тайымдар үчүн башкаруу кеңеши тарабынан аныкталган суммада депозит төлөм алынат. Студент студенттик үйдөн чыгып жатканда өзүнө бекитилген буюмдарды толук жана зыянга учурабаган абалда тапшырууга милдеттүү. Зыянга учураган буюмдар үчүн депозит төлөмдөн акы кармалып, калган акчасы студентке кайтарылып берилет.

**Буюм-тайымдар**

**24-берене.** Студент студенттик үйгө жайгашканда өзүнө берилген жана бөлмөдөгү буюмдарды аяр колдонууга жана сактоого милдеттүү. Эгерде студент берилген буюмдарды жоготуп же зыянга учуратса, алардын баасын төлөп берүүгө тийиш. Чогуу колдонууга берилген же бөлмөдөгү буюмдарды зыянга учураткан студенттен тийиштүү өлчөмдөгү акча каражаты алынат. Буюмдарды зыянга учураткан студент аныкталбаган учурда, бөлмөдө жашаган ар бир студенттин депозит төлөмүнөн бирдей суммада акча каражаты кармалат. Депозит төлөмүнүн суммасы жетиштүү болбогон учурда жетпеген сумманы тийиштүү студент төлөп берет.

**Студенттердин баалуу буюмдары жана акча каражаттары**

**25-берене.** Студенттик үйлөрдүн мүдүрлүгүнө расмий өткөрүлүп берилбеген акча же баалуу буюмдардын жоголушуна студенттик үйлөрдүн мүдүрлүгү жоопту эмес.

## БЕШИНЧИ БӨЛҮМ
## Башка жоболор

**26-берене.** Студенттик үйлөрдүн мүдүрлүгү зарыл учурларда студенттердин бөлмөлөрүн алмаштырууга укуктуу.

**27-берене.** Студенттик үйлөргө каттоо иштеринде негиз кылып алынган өлчөө баллы менен студенттик үйлөрдүн эрежелери мүдүр тарабынан даярдалат жана башкаруу кеңешинин чечиминен кийин колдонууга киргизилет.

**Күчүнө кириши**

**28-берене.** Бул жобо Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин Окумуштуулар кеңеши тарабынан кабыл алынган күндөн тартып күчүнө кирет. Бул жобонун күчүнө кириши менен Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин Окумуштуулар кеңешинин 18.02.2014-ж. жана 2014-04.13-номерлүү чечими менен кабыл алынган “Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин студенттик үйлөр жөнүндө жобосу” жана Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин Окумуштуулар кеңешинин бул жобого туура келбеген чечимдери жокко чыгарылды.

**Ишке ашырылышы**

**29-берене.** Бул жоболордун ишке ашырылышы Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин ректораты тарабынан көзөмөлдөнөт.

*Бул жобо Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин Окумуштуулар кеңешинин 09/02/2016-ж. жана 2016-03.09-номерлүү чечими менен кабыл алынган.*

*Бул жобо Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин Окумуштуулар кеңешинин 18/02/2014-ж. жана 2014-04.13-номерлүү чечими менен кабыл алынган.*

*Бул жобо Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин Башкаруу кеңешинин 07/12/2000-ж. жана 2000-1.4-номерлүү чечими менен кабыл алынган.*

## СТУДЕНТТИК ҮЙДӨ ЖАШОО ЭРЕЖЕЛЕРИ

Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин “Студенттик үйлөр жөнүндө жобосуна” ылайык:

1. Студенттик үй мүдүрлүгүнүн ар түрдүү жарыяларын угууга жана тийиштүү иштерди аткарууга;
2. Күнүмдүк турмушта, кийим-кече жана жүрүм-турумдарда этика эрежелерин сактоого жана студенттик үй кызматкерлерин урматтоого;
3. Студенттик үй кызматкерлеринин ишин тоскоолдукка учуратуучу жана кыйынчылыктарды туудуруучу иштерди жасабоого;
4. Студенттик үй кызматкерлерине жеке жумуштарымды жасатпоого жана жасоого мажбурлабоого;
5. Студенттик үйдүн тынчтыгын жана тартибин буза турган иштерди жасабоого;
6. Студенттик үй имараты менен курулуп жаткан объектилерге жана ар түрдүү мүлк буюмдарына зыян келтирүүчү иштерди жасабоого;
7. Мага берилген студенттик үй буюмдарын өз буюмум катары жакшы колдонууга жана студенттик үйдөн чыгып жатканда баштапкы абалында тапшырууга;
8. Студенттик үй мүдүрлүгү тарабынан белгиленген сааттарда кирип-чыгууга, күбөлүгүмдү коопсуздук кызматкерлерине жана керектүү учурда студенттик үй кызматкерлерине көрсөтүүгө;
9. Студенттик үй мүдүрлүгү тарабынан мага берилген бөлмө, керебет, шкаф, столдон башка нерселерди албоого, колдонбоого, буюмдардын ордун алмаштырбоого, студенттерге чогуу колдонууга берилген буюм-тайымдарды жеке максаттарым үчүн пайдаланбоого;
10. Студенттик үй мүдүрлүгүнүн расмий уруксатысыз башка студенттерден акча топтобоого, топтоого далалат кылгандарды колдобоого жана ал жөнүндө дароо студенттик үй мүдүрлүгүнө билдирүүгө;
11. Студенттик үй мүдүрлүгүнөн уруксат албай туруп, кандайдыр бир себеп менен чогулуш уюштурбоого, маданий иш-чара өткөрбөөгө, ж.б. ушул сыяктуу иш-чараларды уюштуруу үчүн үгүттөбөөгө;
12. Улуттук биримдик сезимине доо кетирүүчү максаттар менен расмий эмес желектерди илбөөгө, символдорду колдонбоого, гимн ырдабоого, идеологиялык сүрөттөрдү колдонбоого жана ушул сыяктуу иш-аракеттерди жүргүзбөөгө, адеп-ахлакка туура келбеген сүрөттөрдү жана афишаларды студенттик үйгө алып келбөөгө;
13. Студенттик үй бөлмөлөрүндө жана студенттик үй ичинде тамеки чекпөөгө;
14. Ар түрдүү курал-жарактарды жана жардыргыч заттарды студенттик үйгө алып келбөөгө;
15. Баңги заттарды жана алкоголдук ичимдиктерди колдонбоого жана студенттик үйгө алып келбөөгө;
16. Студенттик үй мүдүрлүгү тарабынан уруксат берилбеген конокту студенттик үйдө кабыл албоого, ал эми уруксат берилген коногумду коноктор бөлмөсүндө кабыл алууга;
17. Коногумду студенттик үйдө түнөтпөөгө, уруксат албастан студенттик үйдөн кетип калбоого жана студенттик үйгө белгиленген убакытта кирип-чыгууга;
18. Кол коюу баракчасына убагында кол коюуга;
19. Окуу жылында удаасы менен 7 күн сабакка барбай койгон учурда студенттик үйдөн чыгарыла турганыма байланыштуу себепсиз сабактарды калтырбоого, күн сайын кол коюу баракчасына кол коюуга;

20. Бөлмөлөрдө радиону, үтүктү, электр плитасын, ж.б. жарык берүүчү, ысытуучу жана үн чыгаруучу каражаттарды колдонбоого, электр түйүндөрүн өзгөртпөөгө; суу, электр энергиясын үнөмдүү колдонууга;
21. Студенттик үйдө ашканадан башка жерде тамактанбоого жана ашканадан башка жерге тамакты алып барбоого;
22. Шкафымда аккан, жыттанган жана бузулган тамак-аштарды сактабоого;
23. Керектүү учурда студенттик үй мүдүрлүгүнүн текшерүүсү үчүн тартмамды, шкафымды ж.б. буюмдарымды ачып берүүгө;
24. Студенттик үйдө катуу сүйлөбөөгө, ышкырбоого, ырдабоого, пижама менен жүрбөөгө, терезенин текчесине отурбоого, дубалдарга мык какпоого, сүрөт жана башка нерселерди терезенин текчесине, дубалдарга жана жипке илүү сыяктуу тартип эрежелерине шайкеш келбеген иштерди жасабоого;
25. Окуу залдары менен башка иштөө, эс алуу залдарына, кантинге жана ушул сыяктуу бөлмөлөргө студенттик үй жетекчилиги тарабынан белгиленген убакытта кирип-чыгууга;
26. Бөлмөмдү, шкафымды, керебетимди, колдонгон ар түрдүү буюмдарымды ар дайым таза жана ирээттүү кармоого;
27. Башкаларга таандык каражаттарды уруксатсыз колдонбоого;
28. Ар түрдүү кумар оюндарын ойнобоого;
29. Студенттик үйдө жаныбар (үй жаныбары болсо да) бакпоого;
30. Жалпы нускамада жана “Студенттик үйлөр жөнүндө жобосунда” көрсөтүлгөн жоболорго, студенттик үйдүн иштөө тартибине жана студенттик үй мүдүрлүгүнүн ар түрдүү эскертүүлөрүнө жана жогоруда айтылган эрежелерге ылайык жүрүүгө милдеттенем.